**ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ**

УДК 371.672.2: 159.923.2

# ИНСАНДЫ ТАРБИАЛООДО БАЛДАР ИЛЛЮСТРАЦИЯСЫНЫН МААНИСИ

*Адышев Сатый Толонбаевич,* И.Раззаков атындагы КМТУнун Жогорку дизайн мектебинин доценти, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университет, пр.Ч.Айтматова 66, г.Бишкек, 720044, Кыргыз Республикасы

*Янгибаева Жазгул,* И. Арабаев атындагы КМУнун Гуманитардык колледжинин Информатика жана Дизайн бөлүмүнүу окутуучусу

**Аннотация.** Макалада балдар иллюстрациясы, өсүп келе жаткан адамдын эстетикалык тарбиясы, инсандык мамилеси, эмоционалдык жана психикалык өнүгүүсү аркылуу балага тийгизген таасири катары каралат. Улуттук, руханий, жана материалдык маданиятты калыптандыруу боюнча, китеп иллюстрацияларынын тарбиялык учурлары талданат. Балдардын иллюстрациясын анализдөө, китептин заманбап идеясын кеңейтүү, аны түшүнүү жана маданияттын объектиси катары сактоо зарылдыгы каралды. Балдар китебиндеги иллюстрация - бул балага дүйнөнү таанып-билүү тажрыйбасын берген маданий универсалдар тутумуна кирген билимдин бир түрү. Ошондой эле макалада балдардын китеп иллюстрациясынын өзгөчөлүктөрүн алардын максаты, таанып билүү багыты, адабий булак менен байланышы жагынан ачып берүүгө арналган.

Макалада мектепке чейинки балдарды эстетикалык калыптандыруу, тарбиялоо процесстеринде китеп иллюстрацияларын колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү талкууланат. Эстетикалык калыптануу процессинде китеп иллюстрациялары жана адабий чыгармалар менен иштөөнүн формалары жана ыкмалары иштелип чыккан.

**Ачкыч сөздөр:** Иллюстрация, иллюстрациялоо, текст, китеп, жарыялоо, көркөм чыгарма, маданият, көркөм сүрөт, китеп графикасы, байланыш, чечмелөө, балдар иллюстрациясы.

# ВАЖНОСТЬ ДЕТСКОЙ ИЛЛЮСТРАЦИИ В ОБРАЗОВАНИИ

*Адышев Сатый Толонбаевич,* доцент Высшей Школы Дизайна КГТУ им И. Раззакова, Кыргызский Государственный Технический Университет им. и. Раззакова, пр.Ч.Айтматова 66, г.Бишкек, 720044, Кыргызская Республика

*Янгибаева Жазгул,* преподаватель Гуманитарного колледжа, отделении Информатики и Дизайна, КГУ им И.Арабаева

**Аннотация.** В статье детская иллюстрация рассматривается как воздействие на ребенка через эстетическое воспитание, личность, эмоциональное и умственное развитие растущего человека. Анализируются воспитательные аспекты книжных иллюстраций по формированию национальной, духовной и материальной культуры. Необходимость проанализировать детские иллюстрации, расширить современное представление о книге, понять ее и сохранить как объект культуры. Иллюстрация в детской книге - это форма знания, которая является частью системы культурных универсалий, которая дает ребенку опыт познания мира. Также в статья посвящена раскрытию специфики детской книжной иллюстрации с точки зрения ее назначения, позновательной направленности и образной выразительности, связи с литературным источником.

**Ключевые слова:** Иллюстрация, иллюстрация, текст, книга, издание, произведение искусства, культура, искусство, книжная графика, общение, интерпретация, детская иллюстрация.

## IN EDUCATION THE IMPORTANCE OF CHILDREN'S ILLUSTRATION

***Adyshev Saty Tolonbaevich,*** Associate Professor of the Higher School of Design, KSTU named after I. Razzakov, Kyrgyz State Technical University named after I. and. Razzakov, Aitmatov Ave. 66, Bishkek, 720044, Kyrgyz Republic

***Yangibaeva Zhazgul,*** teacher of the Humanitarian College, Department of Informatics and Design, I. Arabaev KSU

**Annotation.** The article considers children's illustration as an impact on the child through the aesthetic upbringing, personality, emotional and mental development of the growing person. Educational aspects of book illustrations on the formation of national, spiritual and material culture are analyzed. The need to analyze children's illustrations, expands the modern idea of the book, understand it and preserve it as an object of culture. An illustration in a children's book is a form of knowledge that is part of a system of cultural universals that gives a child the experience of learning about the world. Also, the article is devoted to the disclosure of the specifics of children's book illustrations from the point of view of its purpose, cognitive focus and figurative expressiveness, connection with a literary source.

**Keywords:** Illustration, illustration, text, book, publication, artwork, culture, art, book graphics, communication, interpretation, children's illustration.

Балдар китеби анын өнүгүү тарыхында рухий маданияттын негизин түзөт. Эстетикалык ырахат алып, көнүлүбүздү ачып, тан калтырган нерсе менен байланышкыныз келген объект, ал өзүнүн өзгөчө мейкиндиги менен тан калтырат. Китептин балага тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрү көбүнчө андагы иллюстрациалардын ролу жана орду менен аныкталат.

Баланын инсандыгын калыптандыруу, ошондой эле аны менен бирге айланасындагы окуяларга туура, адептүү, ан сезимдүү, адекваттуумамиле түзүү, сезимдердин гармониялык өнүгүүсүнө негизделген татаал процесси болуп саналат [1].

Мектепке чейинки курак өнүгүүнүн жана тарбиянын эн маанилүү баскычы деп аталат. Бул мезгилдин ичинде курчап турган дүйнөнү үйрөнөт, баланын анын баштапкы социалдашуусу да орун алат. Бала өз алдынча ойлоно баштайт, анын айлана чөйрөнү курчап турган чындыкты изилдөө жана жаны нерсеге кызыгуу процессинде, таанып билүү кызыкчылыгы өнүгөт.

Азыркы заманбап педагогика, инсандын көркөм сүрөт искусствосунун дүйнөсүн таанытуу үчүн, куралдардын кенири арсеналын иштеп чыкканына карабастан педагогикалык практикада, китеп иллюстрациясынын жардамы менен инсандын айлана-чөйрө менен гармониялуу мамилесинин проссесин али дагы бааланбайт. Буга себеп, мектеп жашына чейинки балдарды эстетикалык кабылдоонун калыптандыруу процессинде китеп иллюстрацияларынын колдонулушун натыйжалуу технологисынын жоктугу, бул проблематеманын актуалдуулугун аныктаган.

Изилдөөнүн максаты- мектепке чейинки баланын эстетикалык калыптанышы процессинде китеп иллюстрациясынын мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө.

Бул максатка жетүү үчүн бир катар маселелерди чечүү керек, анын ичинде төмөнкүлөр:

- эстетикалык жана көркөм - билим берүү боюнча жаны програмаларды түзүү;
- сүрөтчү мугалимдердин кесиптик компитентүүлүгүн жогорулатуу;

- мектепке чейинки балдардын эстетикалык табитинин калыптанышынынкитеп иллюстрациясынын таасирин көрсөтүү.

Балдар китеби өзүнүн өнүгүү мезгилинде рухий маданияттын негизин түзгөн, ал өсүп келе жаткан адамдын моционалдык жана акыл – эс өнүгүүсүнүн каражаты болгон. Ошондуктан, баланы кичинекей кезинен баштап окуу чеберчилиги мене алектенүүсү абдан маанилүү.

Бирок окурманды адабий чыгарма менен тааныштырууда, андагы болуп жаткан окуяларды түшүнүү үчүн, китепти окуу процессинде гана эмес, андагы иллюстрацияларды карап чыгуу да керек.

Учурдагы шарттарда, тагыраак айтканда, биздин мезгилдин социалдык-экономикалык жана идеологиялык кыйынчылыктарында, балдардын окуусу улуттук көйгөй экендигин түшүнүү өтө маанилүү. Руханий кайра жаралууда көп жагынан эстетикалык жана адеп-ахлактык маданиятка жараша болот, ал инсанды калыптандырууда күчтүү курал болгон көркөм китепти түзөт.

Педагогдордун айтымында, китеп иллюстрациясы көп функционалдуу: алар аркылуу кыялданууну өрчүтүшөт чыгармачылыкка болгон кызыгуу, сөз байлыгы өсүп, эс тутуму жана концентрациясы жакшырат. Китептер балдарды жана чоң кишилерди бириктирет, жылуу, ишенимдүү мамиле түзүүгө жардам берет, андан тышкары, баланы көбүрөөк гармониялуу дүйнөгө киргизет. Балдардын сүрөт китеби - бул күнүмдүк маданиятты жана анын баалуулуктарын чагылдырган өзгөчө дүйнө.

Учурдагы реалдуулуктагы заманбап китеп иллюстрациясынын мүнөзүн, функциясын, өзгөчөлүктөрүн теориялык жактан изилдөө зарылдыгы китеп илиминин актуалдуу максаты болуп саналат. Бирок, ушул убакка чейин көркөм китепти иллюстрациялоо жана анын балага окурманга тийгизген таасири процесси, китеп иллюстрациясынын атайын каражаттары менен, эстетикалык тарбиянын методологиясын жана практикасын камсыз кыла турган бир дагы илимий негизге ээ болгон эмес.

Көптөгөн таланттуу сүрөтчүлөрдүн талыкпаган эмгектери менен иллюстрацияланган балдар китеби, бүгүнкү күндө көркөм маданияттын өзгөчө, татаал көрүнүшүн чагылдырат, аны ар дайым адамдын эн улуу жаратуусу катары эсептешет, жана технологиянын шедеври, маалымат жана билим берүүнүн каражаты катары бааланат [2].

Балдар үчүн иллюстрация китептин тексти сыяктуу эле маанилүү, ал эми жаш куракта тексттен да маанилүү экендиги илгертен бери далилденип келген. Балдар китебиндеги иллюстрация - бул балага дүйнө жөнүндө түшүнүк берген маданий универсалдуу системаларга киргизилген таанып-билүүнүн бир түрү.

Китеп иллюстрацияларын кабыл алуу процессинде балдар эстетикалык сезимдерди топтошот, айрым көрүнүштөргө, социалдык-психологиялык чөйрөнүн кубулуштарына эстетикалык баа беришет. Мындан тышкары, көркөм чыгармалар менен таанышуу мектеп жашына чейинки балдардын жаш курактык муктаждыктарын толук канааттандырат, чыгармачылык иш-аракеттерге болгон кызыгуусун сезүүгө, айлана-чөйрөнүн кооздугун өз алдынча түшүнүүгө жана жеткирүүгө, алардын сезимдерин жана ойлорун, эмоцияларын жана маанайын билдирүүгө мүмкүндүк берет. "Таанып-билүү функциясы иллюстрацияларда дүйнө жүзүндөгү чындыктарды чагылдыруу менен камсыз кылынат, буюмдарды жана кубулуштарды таанууга өбөлгө түзөт", - деп белгилейт С. Г. Антонова.

Ошентип, эстетикалык билим берүү мектепке чейинки курактагы адамдын инсандык өнүгүүсүнүн маанилүү аспектин билдирет, ал сезүү тажрыйбасын, инсандык эмоционалдык чөйрөнү байытууга жана анын таанып-билүүчүлүк, акыл-эс жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Эстетикалык өнүгүү процесси - бул эмоционалдык реакциянын, эмпатиянын, чыгармачылык жигердүүлүгүнүн жана эстетикалык маданиятын жогорулатуу максатында мектепке чейинки тарбиялануучунун инсандыгына максаттуу таасир берүүнүн узак мезгилдүү процедурасы. Эстетикалык кабылдоону өркүндөтүү процесстерин

оптималдаштыруунун эң натыйжалуу куралдарынын бири - бул көркөм сүрөт искусствосунун каражаттары жана баарынан мурда балдар китептери үчүн иллюстрациялар.

Акыркы жылдары эстетикалык билим берүүнүн теориясы жана практикасы көйгөйү, педагогтордун жана изилдөөчүлөрдүн көнүлүн бурат. Эстетикалык өнүгүүнүн эн маанилүү милдети, инсандын гармониялуу, ар тараптуу өнүккөн, руханий маданияттын калыптандыруу “адамдын ар бир жасаган ишинен эмоционалдык- сезимдик тажрыйбаанын канааттануусу, руханий ырахаты ” болуп эсептелинет [3; 21 б.].

Көркөм эстетикалык калыптануу, адамды кайра жаратууга, анын жан дүйнөсүн жаныча ачууга, адамдын эстетикалык маданиятынын калыптанышына өбөлгө түзөт: “сулуук мыйзамдарына ылайык жашоону жана жаратууну” үйрөтөт.

Эстетикалык калыптануу ар кандай эстетикалык таасирлердин топтолушуна негизделет, баарынан мурун угуу, сезуу,визуалдык сезимдер болуп саналат. Эстетикалык кабылдоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү практиканыны, иш арактеттердин жана атайын даярдоонуну, билим берүүнүн натыйжасында этап-этабы менен жүзүгө ашырылат.

Эстетикалык тарбия – бул татаал көп аспектүү процесс болуп саналат, ал окучунун окуусунда, тарбиясында, оюнунда, күнүмдүк иш-аракетинде болуп жаткан көп кырдуупроцесс. Китеп бул эстетикалык билим берүүнүн жүзүгө ашыруунун көп кырдуу, түгөнгүс булагы болуп саналат,руханий маданияттын негизин, инсандар аралык байланышын түзүп, өсүп келе жаткан адамдын эмоционалдык жана психикалык өнүгүү каражаты болгон.[4; 1 б.].

Мектепке чейинки балдар окурман эмес, угуучу болуп саналат, чыгармаларды аларга мугалим жеткирет. Ар бир чыгарманы балдарга көркөм чыгарма катары жеткирүү анын идеясыначып берүү, жазуучунун каарманга болгон эмоциясын, сезимин интонация жол менен жеткирүү тарбиячыга өтө кыйын.

Адабий чыгарманы кабыл алууну, маазмуну менен көркөм элементтерин түшүнүү жөндөмү балага өзүнөн өзү жетпейт: чыгарманы активдүү угуу, көркөм сүйлөө жөндөмүн калыптандыруу үчүн, аны кичинекей кезинен баштап өркүндөтүү керек.

Китеп иллюстрациясы сүрөт көркөм чыгармасы катары, мектепке чейинки балдарды өзүнүн түсү жана дизайны менен өзүнө тартат, балдар китептин сүрөттөрүн ырахатуу менен карап чыгышат, бирок сүрөттөгү негизги нерсенииллюстрация менен адабий тестин байланышын аныктоо балдарга кыйынчылыктарды жаратат, мисалы: жансоолору, мимикалары, позалары.

Бул жагдай сүрөтчүнүн техникасын технологияларын терен, ар тараптуу изилдөөнүн жоктугу жана көркөм сүрөт искусствосунун чыгармаларын эмоционалдык кабылдоону өнүктүрүүгө багытталган систематикалык иштин төмөндүгү.

Мындай кырдаалда, мектепке чейинки балдардын иллюстрациялар менен иштөө жөндөмүн өркүндөөтүүгө багытталган усулдар жана ыкмалар тутуму жаныланышы керек.

Адабий чыгарма менен иштөө этап менен жүргүзүлөт:

1. Текстке чейинки этапта, китептин мукабасын көрсөтүү методун колдонсо болот, анын максаты иллюстрация аркылуу жаны сөздү түшүндүрүү жана чыгарманын мазмунун болжолдоо көндүмдөрүн өркүндөтүү;
2. Тести окуп жаткан этабында, чыгарманын ар бир бөлүгүн окугандан кийин иллюстрацияны изилдөө ыкмаларды колдонсо болот.
3. Чыгарманын текстен кийинки этабы. Буга чейин талкуланып келген иллюстрацианы эстөө, элестетүү ыкмаларды колдонсо болот: иллюстрацияныны “үнүн” аныктамасы (Сүрөттү карап жатканда кандай үндөрдү угасын?); сюжеттеги иллюстрациялар боюнчамаектешүү (Өзүндү каармандын ордуна коюп көрчү? Сен кандай сезимдерди жана эмоцияларды сезип жатасын?); образды карап чыгуунун негизинде каармандын мүнөзүн, эмоционалдык абалын каармандын мимикасы, жансоолору, позалары аркылуу аныктоо; иллюстрациялар менен иштөөдө улам келип чыккан балдардын эмоционалдыкабалын аныктоо үчүн маектешүү.

Көрүнүп тургандай, адабий чыгармаларды изилдөө процессинде, алардагы иллюстрацияларга кайрылуу балдар менен итөөнүн формаларын жана ыкмаларынкенейтүүгө мүмкүндүк берет.

Китеп иллюстрацияларын кабыл алуу процессинде , бала эстетикалык сезимдерди топтойт, белгилүү бир көрүнүштөргө, социалдык-психологиялык чөйрөнүн кубулуштарына баа берет. Мындан тышкары, икусство чыгармалары менен таанышуу, мектеп жашына чейики балдардын жаш курагына жараша болот, алар чыгармачылык иш аракетти энсеп, айлана-чөйрөнүн коoздугун өз алдынча түшүүнүгө, сезимдерин, ойлорун, эмоцияларын жеткүүрүгө мумкүндүк берет.

Көркөм сүрөт искусствосунун чыгармаларын түшүнүп, аларды өз чыгармачылык ишмердүүлүгүнө колдонуп жүзүгө ашырууда, бала, өлкөдөгү маданий жана тарыхый мурастар менен таанышат, жана бул патриоттук тарбияны жана руханияттын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Ктепти жасалгалоо жана иллюстрациалоопроцесстери бирнчи кезекте балдардын кабыл курак өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Бала өзүнүн өнүгүүсүн ар бир курак баскычтарынд, маалыматты кабыл алуунун жана өздөштүрүүнүн айрым өзгөчөлүктөрү байкалат, алар китептин дизайныны, иллюстрациясынын сапатына, шрифтин композициясынын чечимине байланыштуу. Балдардын жаш курагына байланыштуу, иллюстрациялардын жана текстин өзгөчө айкалышында да байкалат.

Мектепке чейинки курактагы бала, бизди куурчп турган нерселерди объективдүү жана функионалдык кабыл алышы менен мүнөздөлөт, бул мүнөз чон кишилердин визуалдык кабылдоосунан айырмаланат. Балдар, реалдуулукту кабыл алуу процессинде, объектилердин формаларын, алардын функионалдуулугун каймана сүрөттөшөт, мисалы: ракурстар, предметтердин бири-бирин тосуп жайгашуусун, ж.б. Бир нерсени, балдар, ар тараптан дароо кабылдашат. Балдардын кабылдоосунун өзгөчөлүктөрүн эске алып, балдар үчүн китептерди жасалгалоо жана иллюстрациалоо ишинде, сүрөтчүлөр дайым чагылдырышат.

Балдар иллюстрациясында көркөм образ түзүү белгилүү бир шаймандардын комплексин колдонуу менен жүзүгө ашырылат, булар: графикалык сүрөт, түс, китеп баракчасынын композициясы, жалпы эле китеп макети [5; 25 б.].

Түс – бул сүрөтчүнүн башкы жардамчысы.ал, иллюстрацияларды, баланын кабыл алуу процессинде маанилүү ролду ойнойт. Бул балдардын түскө эмоционалдуу, сезимтал өзгөчө байланышы менен байкалат. Сүрөтчүнүн милдети- баланын түс – гармониясына муктаждыгын калыптандыруу.

Иллюстрацияларды көрүп жатканда, балдар, түс менен форманы гана көрбөстөн, образды да түшүнүүгө аракет кылышат. Иллюстрацияда образдын мазмунун билүүгө сызык, форма, түс, композиция каражатттары жардам берет. Алар образды эмоцианалдуу кабыл алышат да, сүрөттү кайра-кайра көрүүнү каалашат.

Эмоуия бул өзгөчө субъективдүү форма. Эмоциялардын жардамы менен адамдар бири-бирин сөздөрдү колдонбостон эле жакшы түшүнүшөт, бири-биринин балын сезишет.

Мектепке чейинки балдардын өнүккөн эмоциалдылуугу, чондор жана курбулар менен баарлашууну, айлана-чөйрөнүн өзгөрүп жаткан шарттарына адаптациялоону жана баланын гармонялуу өнүгүсүүнүн ийигилүктүү болусун аныктайт.

Иллюстрация балдарга көркөм китептин адабий дүйнөсүнө кирүүгө, аны сезүүгө, анда жашаган каармандар менен таанышууга жана досторду табууга, аларды сүйүүгө жардам берет. Балдардын жашоо тажрыйбасы аз болгондуктан, алар үчүн жазуучунун айткандарын элестетүүкыйыныраак. Ал көрүшү керек ишениши керек. Бул жерде сүрөчүнүн салымы өтө чон. Балага арналган китеп иллюстрациялардан башталат, ал баланын окуу көндүмдөрүн өздөштүрүп, анадан кийин аларды өркүндөтөт.

Эстетикалык өнүгүү процесси – бул эмоционалдык реакциянын , эмпатиянын, чыгармачыл жегирдүүлүгүн жана эстетикалык маданиятын жогорлатуу максатында ,

мектепке чейинки тарбияланууучунун инсандыгына максатуу таасир берүүнүн узак мезгилдүү процедурасы.

Баланын эмоционалдуулугунун жөнөкөйлүгүнүн артында кыйла татаал жана көп кырдуу процесси жатат. Деги мектепке чейинки курактагы балдардын эмоционалдуулугу эн тез өнүгөт. Буга байланыштуу, мектепке чейинки мекемелердин жана бала бакчалардыналдында жан муунду эмоционалдык потенциалды өнүктүрүү милдети турат. Бул өз кезегинде билим берүү процессинде псхологиялыкмыйзам ченемдүүлүктөрүн эске алып психикалык касиеттерин, процесстери жана шарттарды өркүндөөтүүнү талап кылат.

## Адабияттардын тизмеси


1. Азаров Ю.П. Тарбиялоо искусствосу [Текст] / Азаров Ю.П. – М. :
2. Просвещение, 1985.- 127с.
3. Арсеньева З. Иллюстрация эмне жөнүндө айтат. Библиотекарь. - № 10.- 1973.-С.30-33.
4. Киященко Н.И. Жашоонун эстетикасы: Лицей жана гимназия үчүн окуу куралы. М.:ФОРУМ, ИНФА-М, 2000. Ч.З. 123б.
5. Полевина Е.В. Балдар китебин иллюстрациалоо кичинекей окуучулардын эстетикалык өнүгүүсүнүн булагы жана каражаты катары-балдар китепканаларынын окурмандары: Автореф. дис. ... канд. пед. наук. Москва, 2003 20 б.
6. Чурашов А.Г. Кошумча билим берүүчү мектепке чейинки курактагы балдардын көркөм-эстетикалык өнүгүүсү. Чилябинск, 2013. 257 б.
7. Лихачева Б.Т. Основные принципы и задачи эстетического воспитания. М.: Просвящение, 1975.
8. Доева Д.К. Значение эстетического восприятия в процессе формирования у дошкольников художественного образа// Вестник Костромского государственного университета им. Н.А. Некрасова. Серия Гуманитарные науки: Педагогика. Психология. Социальная работа. Акмеология. Ювенология. Социокинетика, 2008. №5. Том 14.